Кыргыз Республикасы
Жалал-Абад областы
Таш-Көмүр шаары
Токтогул атындагы
№4 орто мектеби

Кыргызская Республика
Жалал-Абадская область
г.Таш-Кумыр
сш. № 4 им. Токтогула

0 (3745) 5-02-09

БУЙРУК

ПРИКАЗ

№45 «29» 08                                                                 Таш-Көмүр шаары

"Педагогикалык жамааттын жоопкерчилигин

күчөтүү жөнүндө"

Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө " мыйзамынын 10 жана 43-беренесинин, "Коррупцияга каршы күрөшүү жөнүндө" , 4-8-13-беренесинин, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2019-жылдын 1-октябрындагы № 1151/1 буйругу, Таш-Көмүр шаарынын билим берүү башкармалыгынын 2020-жылдын 14-сентябрындагы № 209 "Мугалимдердин жоопкерчилигин күчөтүү жөнүндө " буйругу, Таш-Көмүр шаарынын мэриясынын 2022-жылдын 22-февралындагы № 40 "Таш-Көмүр шаарындагы жалпы билим берүү уюмдарында акчалай жана башка каражаттарды мыйзамсыз жыйноого тыюу салуу жөнүндө" буйругунун негизинде **буйрук кылам:**

1. Педагогикалык жамаатка
- Мектеп администрациясы, мугалимдер, класс жетекчилер ата-энелерден (класстык чогултуу,мугалимдерге белек , майрам күндөргө ж.б)мыйзамсыз акча каражаттарын чогултууга тыюу салынсын
- Коррупцияга каршы күрөшүү багыты боюнча иш-чаралар дайыма өткөрүлсүн.
- Коррупциялык укук бузууларды болтурбоо үчүн иштеп жаткан мугалимдерден жана жаңы жумушка кирген мугалимдерден жоопкерчилиги жөнүндө милдеттенме алынсын (тиркеме 1)
2. Коррупцияга каршы политиканын локалдык ченемдерин, актыларды жүргүзүү иштери англис тили мугалими А.Сопиевага жүктөлсүн
3. Мыйзамсыз акчалай жана башка каражаттарды чогултууга жол бербөө жана бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Н.Алтынбаевага жүктөлсүн.

Директор:                                                  Султанова З.А.

Scanned by TapScanner